**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №5**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүндө жайгашкан
“Көк-Арт” гидро электр станциясынын
ижара акысын өзгөртүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 09-октябрындагы 01-15/279 сандуу “Көк-Арт ГЭСтин ижара акысын өзгөртүп берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүндө жайгашкан “Көк-Арт” гидро электр станциясынын ижара акысы көз карандысыз баалоочу баалаган бир жылына 360,0 миң сом ижара акысы бекитилип берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Түгөйбеков Нурсултанга милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан Жалал-Абад областык юстиция органдарынан каттоодон өткөндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**